| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>АК-ТАЛАА РАЙОНУ<br>БАЕТОВ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>БАЕТОВСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин депутаттарынын кезексиз II сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын "15" май №2/7**

**Баетов айыл аймагынын айлана чөйрөнү тартипке келтирүү эрежелеринин ЖОБОсун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ошондой эле регламент, депутаттык этика жана мандат, мыйзамдуулукту укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап, Баетов айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Баетов айыл аймагынын айлана чөйрөнү тартипке келтирүү эрежелеринин ЖОБОсу тиркемеге ылайык бекитилсин. Тиркеме тиркелет 2 баракта.
2. Ушул жобонун талаптарын аткарууну уюштуруу, айыл аймагындагы санитардык тазалыкты, көрктөндүрүүнү жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча тиешелүү иш-чараларды жүргүзүү, калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү Баетов айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Айыл аймагындагы мекеме-ишканаларга, чарба субъекттерине жана жарандарга ушул жобонун талаптарын сактоо сунушталсын.
4. Ушул токтом тиркемеси менен Баетов айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
5. Баетов айылдык кеңешинин жооптуу катчысы У. Жээнбекова бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемеси менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн, Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Нарын облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө регламент, депутаттык этика жана мандат, мыйзамдуулукту укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Ч. Азимжанов**

**Жиберилди:** иш кагазына, Нарын облусунун юстиция башкармалыгына, Баетов айыл өкмөтүнө